**2017-2018-окуу жылына карата мектептеги тарбиялык иштерди талдоо.**

2017-2018-окуу жылында мектептеги тарбиялык иштердин сапатын жана окуучулардын тарбиялуулук деңгээлин жогорулатуу максатында ар кандай темаларда класстан тышкаркы иш чаралар, класстык сааттар коюлган. Мектептеги мугалимдер жамаатынын тарбия иштерин жүргүзүүдөгү даярдыктары негизинен канаттандыраарлык. Окуучулардын, ата-энелердин, мугалимдердин жамааты чыгармачылык иштерге калыптанган. Ата-энелер ар кандай иш чара өткөрүүгө колдоо көрсөтүшөт. Мектептеги өтүлгөн иш - чаралардын абалы негизинен талапка жооп берет. Тарбия иштеринин жана класстан тышкаркы иштерди уюштурууда мектептеги окуучулар ар кандай предметтик ийримдерге жана акы төлөнүүчү спорт ийримине ийримдерине тартылган. Мектепте спорт аянтчасы , спорт зал, китепкана, компьютердик класс бар. Ал эми балдар ойноочу атайын бөлмө, өнөркана, музей, мектеп театры жок. Окуучулардын көркөм кол өнөрчүлүгүн, коомдук пайдалуу иштерди, музыкалык шык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө атайын даярдалган чыныгы адис жок.Дене көрсөткүчтөрүн өнүктүрүү үчүн акы төлөнүүчү спорт ийрими спорт аянтчасында спорттун ар кандай түрлөрү боюнча машыгуулар өтүлөт. Ал эми предметтик ийримдер класстарда, “Англис тил” ийримдери өз кабинеттеринде өтүлөт. Ошондой эле “Эркин күрөш” боюнча ийрим ачылган.Окуу жылында коюлган класстан тышкаркы иш-чаралар, класстык саатар иш түзүм боюнча дээрлик бардыгы өз убагында өтүлдү.

**Бул окуу жылга карата мерчем боюнча төмөндөгүдөй ачык тарбия саатар өтүлдү:**

- ✓ “Энетилим-эне сүтүм” 4-кл, Токтоналиева З
- ✓ “Суусуз жашоо жок!” 2-кл, Алымкулова Лира
- ✓ “Билим алуу ийне менен кудук казгандай” 6-кл, Бейшенбаева К
- ✓ “Тамеки өмүргө зыян”10-кл, Айталиева М

Жогоруда аталган класстык сааттардын ичинен эң жогорку деңгээлде деп Айталиева Мээрим жана Алымкулова Лиранын сабактары белгиленди. Жалпы класстык тарбия саатардын өтүлүшү бул окуу жылында канааттандырарлык деп баа берилди. Төрт класс жетекчи өз убагында жана талапка жооп берээрлик өтүштү. Ал эми 11-класстын класс жетекчиси Өскөнбаева Жаркын эки жылдан бери өтпөгөндүгүнө байланыштуу жазуу жүзүндо сөгүш берилди. Борукчиева, Собурова, Ботобаева, Сагынбаев, Рыспаева мерчемге коюлган ачык тарбия сааттарды өтүшпөгөндүктөн админстарция тарабынан жазуу жүзүндө эскертүү алышты.

Ал эми класстан тышкаркы иш чаралар өз убагында өтүлүп жатты. Алар төмөнкүлөр:

- ✓ "Дил азыгы-тил", Айталиева М
- ✓ "Бир залкар келсе дүйнөгө, бир залкар кеткен дүйнөдөн", Медетбек кызы А
- ✓ "Мугалим билим булагы, карылар үйдүн чырагы" Медетбек кызы А
- ✓ "Биз 21-кылымдын интеллектуалдарыбыз!" Сейитбек кызы Эркайым
- ✓ "Билимдүү бала жаркын келечек", Алымкулова
- ✓ Сармерден (химия, биология) Сапарбек кызы,Бектурганова
- ✓ "Кыз-жигит" кароо сынагы, Кл.жетекчилер
- ✓ Ж.Сыдыковго 85жыл, Сапарбек кызы А
- ✓ "Кош, Алиппе" Кожомкулова Г
- ✓ "Айтматовду билесиңби?" ШОК, Айталиева, Медетбек кызы А
- ✓ Токтоналиева "Кош бол, башталгыч мектебим" бүтүрүү кечеси.
- ✓ "Кара мончок карагат" сынагы, Кл.жетекчилер

Жогоруда аталган мугалимдердин ичинен ар дайым жоопкерчилик менен даярданып, изденип класстан тышкаркы иш чара өткөн мугалимдер Алымкулова Лира жана Айталиева Мээрим белгиленет. Мындан тышкары жалпы класстардын катышуусунда "Алтын күз" жана "Балаты" майрамдары эң жогорку деңгээлде өтүлдү. Ошондой эле атактуу инсандардын юбилейлик даталары жана белгилүү күндөр үчүн салтанаттуу тизимдер өткөрүлүп, өз убагында дубал гезиттер уюштурулуп турду.

Мектепте "Ак тилек" өзүн-өзү башкаруу уюму түзүлгөн.Уюмдун президенти болуп 11-класстын окуучусу Маликова Бегимай иш алып барды. Уюм 3 звенодон турат.

1."Келечек" комитетинин жетекчиси- Молдобекова Сезимай

2. "Жеткинчек" комитетинин жетекчиси- Качкынбек кызы Мираида

3. "Наристе" комитетинин жетекчиси- Жумабекова Аида

"Ак тилек"уюмунун мүчөлөрүнүн демилгеси менен "Жаштар Кыргызстандын келечеги", "Мугалим мөмөлүү дарак","Эч ким эч качан унутулбайт", "Жашоо бир келет", "Сен баарына керексиң", "Эне деген ыйык зат" – деген темаларда иш чараларды өтүштү.Ар бир уюмдун мүчөлөрү, активисттери өзүнө берилген иштерди өз убагында жоопкерчилик менен аткарып турушту. Ушул уюмдардын ичинен "Келечек" уюмунун жана "Жеткинчек" уюмунун мүчөлөрү өз иштерин ар дайым жоопкерчилик менен аткарышты. Өзгөчө 11-класстан Маликова Бегимай, 9-класстан Амантаева Каныкей, Молдобекова Сезимай, Бакталбек кызы Айпери, Жеңишбек кызы Айжан, Токтокерим кызы Толкунай активдүү катышып, берилген тапшырмаларды жоопкерчилик менен аткарышты.Бул уюмдун аткарган

иштеринин жыйынтыгы уюмдун кеңешмесинде белгиленип турду. Бул уюмдарга мугалимдер тарабынан да көзөмөл жүргүзүлүп өз кеңештерин өз убагында берип турду.Быйылкы окуу жылында “Ак тилек” уюмунун мүчөлөрү айылдагы кары картаңдарга, ардагер мугалимдерге карылар күнүндө, мугалимдер күнүндө куттуктоо баракчаларын даярдашып тартуулашты. Жаз, күз мезгилинде үй жумуштарына жардамдарды көрсөтүштү. Ошондой эле “Ак тилек” уюмунун демилгеси менен класс арасында “Кимдер алдыда” деген кароо сынак уюштурулду. Бул мелдештин жыйынтыгы жыл аягында чыгарылып “Мыкты класс”болуп 1-класс 1671 упай менен ээ болду жана “Мыкты класс жетекчи” болуп 1-класстын мугалими Кожомкулова Гүладия аталды. 2-орунга 1668 упай менен 3-класс, 3-орунга 1654 упай менен 4-класс, 4-орунга 2-класс 1648 упай менен ээ болду. 5-11-класстардан 1-орунга 6-класс 1652 упай, 2-орунга 7-класс 1593 упай, 3-орунга 11-класс 1318 упай менен ээ болушту. Класс жетекчилери Бейшенбаева Койсун, Ботобаева Асел болуп жана жеңүүчү класстарга мектеп администрациясы тарабынан алкыш жарыяланып, мактоо баракчалары тапшырылды. “Кимдер алдыда” деген мелдеште класстын тазалыгы,окуучулардын сабакка катышы, окуучулардын сырткы көрүнүштөрү, окуу куралдарынын сакталыштары, класстагы буюмдардын сакталышы боюнча, коомдук иштерге, класстан тышкаркы иш чараларга катышы, окуучулардын билим сапаттары боюнча ар дайым мөөнөт боюнча рейддер жүргүзүлүп, чейрек сайын жыйынтыгы чыгарылып турду. Бул рейддерге дежур класстар, дежур мугалимдер жана мектептин балдар кыймылынын активисттери кезек менен көзөмөл жүргүзүшүп, жыйынтыгы жума сайын тизимде чыгарылып турду. Чейрек сайын кайсы класс алдыда экендиги белгиленип, жалпы класска, класс жетекчиге алкыш жарыяланып турду. Окуу жылынын аягында “Кимдер алдыда” деген мелдештин жыйынтыгы чыгарылды. Ушуга улай эле окуу жылынын башынан бери өрөөн ичинде мектептердин өзүн-өзү башкаруу уюмунун жетекчилери үчүн “Парламент сүйлөйт” радиосынагы уюшулуп, мектептин ар бир уюм жетекчиси катышып келишти. Жыйынтыгында “Эң мыкты билим министри” наамын Амантаева Каныкей жеңип алды.
Ошону менен бирге класстан тышкаркы иш чараларга активдүү катышкан окуучулар :

11-класстын окуучулары Маликова Бегимай, Мамытбекова Атира, Тобокел кызы Бермет, 10-класстын окуучусу Бакталбек уулу Санжар, 9-класстын окуучулары Токтокерим кызы Толкунай, Иличбек кызы Айдана, Саламат кызы Айназик , 7-класстын окуучулары Досум уулу Элмирбек, Дүйшеке кызы Перизат, Аземова Аяна, 6-класстан, Аскарбекова Салтанат, Мойдинова Алтынай, 5-класстан, Солтонбек уулу Даниель, 4-класстан, Кубанычбеков Бектөрө, 3-класстан, Дайырбекова Дильназ, 2-класстан, Таалайбеков Марат, 1-класстан Койчуманов Анарбек. Бул окуучулар окуу жылынын аягында мактоо баракчалары мене сыйланышты жана окуучулардын ата-энелерине да ыраазычылык кат тапшырылды. “Ак тилек” өзүн-өзү башкаруу кыймылынын мүчөлөрү мектептин оңдоо иштерине, жазгы, күзгү

мезгилдерде мектептин айланасын жашылдандыруу иштерине да кол кабыш кылышып, өздөрүнүн активдүүлүктөрүн көрсөтүштү. Мектеп боюнча быйылкы 2017-2018-окуу жылында 4 жолу ата-энелер чогулушу өтүлдү. Ал эми класс арасында чейрек сайын болуп турду.Мүнөзү оор, сабактан себепсиз калган окуучулар менен өз убагында жекече сүйлөшүүлөр өтүлүп, зарыл учурда ата-энелер менен жолугушуу болуп, пикир алмашуу болуп турду. Январь айында 9-класстын окуучулары Аземкулов Эмир, Аскаров Рысбек, Султанбеков Сыймык, Таалайбек уулу Нурдастан, Женишбек уулу Актан, Ажыгулов Турар 8-класстын балдарына кысым көрсөтүп, ур-токмокко алгандары үчүн ИДНдин каттоосуна алынышты. Аты аталган балдарга мектеп админстрациясы тарабынан катуу көзөмөлгө алынып, жүрүм-турумдары тууралуу ай сайын ИДН кызматкерине билдирүү жөнөтүлүп турду. Суусамыр өрөөнүндөгү балдар менен иштөө бөлүмүнүн милиция кызматкери Үкүбаев Азамат менен бир нече жолу жолугушуулар өткөрүлдү. Анда балдардын укуктары жана милдеттери, кылмыштуулук, жаза, рэкетчилик, терроризм, диний экстремизм, тамеки, спирт ичимдиктеринин зыяндуулугу, баңгилик боюнча ар кыл темаларда аңгеме, дарстар окулду.

Ошентип окуу жылынын аягында жалпы тарбия иштери жакшы жыйынтык бергендиги белгиленди. Жыл бою өтүлгөн класстык тарбия сааттар, класстан тышкаркы иш чаралар сапаттуу жана жакшы деңгээлде өтүлдү.

Сунуш:Сабактан тышкаркы иш чара өтүүдө окуучулардын өзүн алып жүрүү жана кийимди туура тандап кийинүү маданиятына көңүл буруу сунушталат. Өз убагында тарбия сааттарды өтүү жана өз иштерине жоопкерчилик менен мамиле кылуу Борукчиева, Собурова, Ботобаева, Сагынбаев, Рыспаевага эскертилет.